FINCA® Bank

## Кардар үчүн QR-төлөмдөрүнүн коопсуздук эрежелери:

1. Кардар төлөмдү ырастоонун алдында төлөмдүн реквизиттерин (которуу суммасын, алуучунун аталышын ж.б.) текшерүүгө тийиш;
2. Интернет банкингге же мобилдик тиркемеге кирүүдө пин-коддорду, татаал паролдорду колдонуу керек;
3. Кокустан табылган QR-коддорду же керексиз билдирүүлөрдөгү QR-коддорду сканерлөөдөн алыс болуу керек;
4. Белгисиз жөнөтүүчүлөрдүн электрондук каттарына эч качан ишенбөө керек;
5. Эч качан белгисиз QR-коддор, ошондой эле белгисиз URL-даректер менен иштебөө керек;
6. QR-код башка QR-коддун үстүнө чапталбаганын/басылбаганын текшерүү керек, мисалы, дүкөндө;
7. Төлөмдү ырастоонун алдында которуунун суммасын жана Алуучунун аты-жөнүн текшерүү керек;
8. QR-кодду сканерлөөдөн мурун ал башка QR-коддун үстүнө чапталбаганын текшерүү керек. Кээде аны оңой эле байкоого болот, бирок код жазылган табличканы кол менен кармалап, текшерип көрүү ашыкча болбойт;
9. Зыянга учуратуучу контентти аныктай турган атайын тиркемелердин жардамы менен QR-коддорду текшерүү керек;
10. Эгерде Кардар төлөм кодун өзүнүн мобилдик телефонунда түзүп жатса, аны төлөм жүргүзүп жаткан учурда түзүү керек – ошондо шылуундар аны алууга үлгүрбөй калышат;
11. Кодду түзүүдөн мурун, аны башка адамдар көрө албай турганына ынануу керек;
12. QR-коддордун жардамы менен төлөм жүргүзүү үчүн колдоно турган мобилдик жабдууларды вируска каршы тиркемелер менен коргоо зарыл;
13. Кардар ушул Эрежелерде каралган шарттарды аткарбаган учурда үчүнчү жактардын аракеттери менен Кардарга келтирилген зыян үчүн Банк эч кандай жоопкерчилик тартпайт.